## 3-секция. Педагогика жана психология

***Сакиева С.С.*** *- п.и.к., доцент,* ***Ураимов К.М.*** *- улук окутуучу*
***Осмоналиева С.Ч., Маматумаров А.***

# *“Адабий окуу” предметинин концепциясы*

***Аннотация***

*Макалада башталгыч мектептеги “Адабий окуу” предметин окутууга карата анын концепциясы иштелген. Ошону менен бирге адабий окууга үйрөтүүнүн максаты, милдети, окуу предметинин дидактикалык принциптери, критерийлери, көрсөткүчтөрү сунуш кылынган.*

*Түйүндүү сөздөр: “Адабий окуу” предмети, адабий окууга үйрөтүүнүн методикасы, окуу китебинин максаты, милдети, теориялык булактары, окуу китебинин мазмунун багыттары,дидактикалык негиздери, принциптери, критерийлери, окуу китебинин мазмунунун көрсөткүчтөрү, китеп окуу көндүмдөрү.*

Адабий окуу – эне тилин үйрөтүүнүн, окутуунун, аны практикада колдонуунун спецификалык өзгөчөлүгүн, максатын, мазмунун жана ыкмаларын окуп-үйрөнөт. Биринчиден, адабий окуу – тилдик баарлашуунун каражаты, экинчиден, окуп-үйрөнүүнүн педагогикалык-психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрүн, үчүнчүдөн, коомдун социалдык керектөөлөрүн, окуунун жалпы маселесин тактайт, илим катарында тактоого, ал тактоолорду практикада текшерүүгө жетише алат.

Билим берүү мазмунунда башталгыч класста адабий окууга үйрөтүү адабият сабагына даярдоо баскычы катарында каралат. “Адабий окуу” окуу предметинин көч башында турган, кыргыз адабиятынын кенч-казыналарын үйрөтүү максатын ишке ашыра турган системанын башкаруучусу катары окулуп-үйрөнүлөт. “Адабий окуу” окуу предмети катары кызмат кылат, ал кенже мектеп жашындагы балдардын көркөм адабиятка жетелөө менен көркөм сөздүн образы аркылуу адамды курчап турган дүйнө таанымынын каражаттарын калыптандырат, турмуштук кубулуштарды сүрөттөөнү, окуу аркылуу баланын китеп окурмандыгын, инсандын окурмандык маданиятын, балдардын жалпы адамзаттык жана улуттук руханий маданиятты баалоого, ата-бабабыздан калган каада-салттарды, кенч-казыналарды, кыргыз элинин төкмөлүгүн, чечендигин, сөз өнөрүн үйрөтүүнү калыптандырат.

Башталгыч билим берүүдө адабий билим берүү негизги ролду ойнойт, ал окуу предмети гана болбостон, баланы тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн каражаты катары да эсептелет. Адабият баланын өнүгүү потенциалында руханий баалуулуктардын сапатына да ээ. Көркөм чыгарманын тили, көркөм образы, көркөм каражаты, көркөм тили окуучулардын жалпы маданиятынын сапаттуулугу үчүн кызмат кылат. Адабияттын тарбиялык потенциалы кенже мектеп окуучуларынын атуулдук жана адеп маданиятын калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзөт. Окуу предмети баланын инсандык калыптануусуна жетелейт. Ошондуктан замандын талабына шайкеш келе турган окутуу технологияларын пайдалануу, окутуу – бул предметтин үйрөнүү учурдун талабы. Демек, окуу предметине сунуш кылынган чыгармалар баланын көз карашын калыптандырган, бала ал чыгарманы окуу менен өзүнүн чыгармага болгон оюн, сунушун чыгарма аркылуу бергенде гана окуу китебинин көз карашы аныкталат, такталат. Окуу китебинин көз карашы окуучунун инсандык сапаттарын ар тараптан өркүндөтүүгө шарт түзүүсү зарыл.

**Окуу китебинин түзүлүшүнүн теориялык булактары**

Кенже мектеп жашындагы окуучулардын билим берүү системасынын баштапкы баскычы адабий окуунун окуу дисциплинасынын спецификасын аныктайт. Окулуучу көркөм жана илимий-көркөм аңгемелер, ырлар, жа ңылмачтар, калптар, жомоктор жана тамсилдер окуучунун дүйнө таануу жөнүндөгү билимин өзгөчө формада, атап айтканда, образдуулукта, элестетүүсүндө, идеяларында калыптандырат. Дүйнө таануу, адептик жана эстетикалык көз караштарын жана идеяларынын системалары чыгарманын мазмунунда чагылдырылат. Адабий окуу аркылуу кенже мектеп жашындагы балдардын Ата Мекенге, адамга, жаратылышка, эмгекке, жалпы адамзаттык жана улуттук маданияттын баалуулуктарын баалоосу калыптанат.

Адабий окуу предметинин негизги идеясы баланын китеп окуу көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү, ошону менен бирге сезимдүү жана көркөм окуунун сапаттуу мүнөздөмөлөрү болуп эсептелет. Биринчи жылында окуучунун окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, окуу механизмдерин, муундук жана аралашма ыкмада окууну калыптандырууга багыт алса, экинчи жылда бүтүн сөз менен окууну интенсивдүү ыкма менен окуу аркылуу жетишүү, окуу темпин жогорулатуу, жарыя окууну өздөштүрүү, үчүнчү окуу жылында бүтүн сөз менен окуу темпин өнүктүрүү ыкмасынын окуучунун кеп маданиятына төп келиши, купуя окууну өздөштүрүү ыкмасын калыптандыруу, төртүнчү окуу жылында китеп окуу көндүмдөрүн, жарыя окууну, туура жана көркөм окуунун темпин, купуя окуунун жогорку баскычын өздөштүрүүгө жетишүү болуп саналат.

Көркөм окуу атайын окутуунун предмети болуп эсептелет. Көркөм окуу алиппеден кийинки мезгилден башталат. Башталгыч билим берүүдө окуучулар көркөм окуунун негизги каражаттары менен практикалык түрдө иш жүргүзүшөт.

Адабий окуу предметинин обьекти катары балдарга арналган көркөм чыгармалар болуп эсептелет. Адабияттын көп түрдүү функциясы ишке ашат, т.а.таанып-билүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк, тарбиялуулугу, коммуникативдүүлүгу, эстетикалык функциялары адамдын психикасына таасир этпестен, ал баланын бүтүндөй инсандык сапатын калыптандырууга таасир этет. Адабият адептик жана социалдык идеяларды, үлгүлүү тилдик материалдарды, коомдук маданиятты тандап алат. Адабият чоң руханий баалуулуктарга ээ болуу менен адамдын өнүгүүсүндө эффективдүү каражат катарында кызмат кылат. Башталгыч билим берүүдө адабияттын функционалдык мүмкүнчүлүгүн колдонууга милдеттүү.

Адабиятты пайдаланууда окурман кабыл алуу аркылуу ойлоонун психикалык процессинин, элестетүүнү, логикалык жана эмоционалдык эске тутууну жана сезим аркылуу кабыл алынат. Көркөм чыгарма кичинекей окурмандын адептик жана эстетикалык сапаттарын өнүктүрө алат. Көркөм чыгарманын мазмунун түшүнүү менен кичинекей окурман элестетүүсүн терең өркүндөтүүгө шарт түзөт. Психологдор белгилегендей, көркөм образдарды түшүнүү бул – тилдин көркөм каражаттарын (эпитет, салыштыруу, сүрөттөө) бала окугандарын өз элестетүүсүндө кабыл алса, анда түшүнүктүү жана жеткиликтүү калыптанат. Ушуга байланыштуу адабий билим берүүдө актуалдуу милдет катарында ойлоонун образдуулугу жана элестетүүсү дайыма актуалдуу проблема катары кала берет.

Билим берүү системасында адабий билим берүү башталгыч класста адабиятты окутуунун башталгыч курсу катарында белгиленет. Ошондуктан адабий билим берүүнүн приоритеттүү багыттары окуучунун сезүүсүн өнүктүрүү жана байытуу, окуучунун тажрыйбасынын таанып-билүүчүлүк жана адептик-эстетикалык, окуучунун чыгармачылык менен үйрөнүүнү, балдар чыгармалары менен иштөө ыкмасы, окууга кызыгуусун калыптандыруу, адеп-руханий, атуулдук, коммуникативдик маданиятын өнүктүрүү милдети коюлат. Адабий окуу сабагынын баштапкы милдеттери – бул адабий

маалыматтарды топтоо, окурмандык кабыл алуусундагы адабий билимин таанып–билүүсүн, чыгармачылык фантазиясын, эмоционалдык жана адептик-руханий чөйрөсүн өркүндөтүү болуп эсептелет.

Адабий окуу сабагындагы окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүнүн предмети көркөм текст болуп эсептелет. Окурмандык ишмердүүлүк оозеки формада калыптанат. Кептик ыктарды активдүү калыптандыруу–бул кенже мектеп жашындагы окуучулардын адабий өнүгүүсүнө кеңири шарт түзүү болуп саналат.

Кенже мектеп жашындагы балдардын окурмандыгын өнүктүрүү аркылуу окурмандын билгичтиги калыптанат. Окурмандык билгичтик бул – окуучунун өз алдынча текстке ориэнтировка жасашы, ал көркөм чыгарманын мазмунун кабыл алуу, тактоо, түшүнүү, баалоо менен байланышат. Окуу процессинде окуучунун чыгарманы түшүнүп окуусунда окурмандык билгичтигин калыптандырууда текст менен иштөөнүн анализдөө жана баалоо жумуштары окурмандын текстти өз алдынча түшүнүүсү эске алынууга тийиш.

“Адабий окуу” окуу предмети башка билим берүүчү предметтер менен тыгыз байланышта жүргүзүлөт: “Кыргыз тили”, ”Орус тили” предметтери менен тыгыз байланышта жүргүзүлүү менен окуучунун кеп маданиятын өнүктүрөт, ал эми калган окуу циклдери менен байланышы окуучунун эстетикалык мамилелерин курчап турган чөйрө менен байланышууга өбөлгө түзөт (математика, мекен таануу, сүрөт искусствосу, музыка ж.б.)

“Адабий окуу” предметинин методологиялык негизин адабий билим берүүнүн гуманитардык концепциясы түзөт, ал окутууда баланын жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктун акыл-ой мүдөөлөрү жана жекече инсандык, маданий мамиле түзүү болуп саналат. Адабий окуунун теориялык жана методикалык базасын лингвомаданияттуулук түзөт. Ал эми окутуунун обьекти – көркөм сөз, көркөм жана элдик оозеки чыгарма, окуучунун акыл–ой маданиятын калыптандыруучу башкы форма.

**Окуу предметинин максаты жана милдети**

Адабий билим берүүнүн даярдоо баскычынын өзгөчөлүгү, балдар адабиятынын искусствонун түрү катарында окуп-үйрөнүү аркылуу мектептеги билим жана тарбия берүүнүн милдеттери “Адабий окуу” предметинин максатын жана милдетин аныктоого болот.

Окуу предметинин максаты – кенже мектеп жашындагы балдардын көркөм чыгармалардагы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарын окуу жолу менен маданияттуу окурманды калыптандыруу, окуу китебине жана балдар адабиятына кызыгууга, атуулдук, адептик, эстетикалык сезимдерин жана чыгармачылык активдүүлүгүн, окуу көндүмдөрүн өздөштүрүүгө, окулуучу текст менен өз алдынча иштөө ыкмасын өздөштүрүүнү калыптандыруу болуп саналат.

Бул максатты аткаруу үчүн төмөнкү милдеттер коюлат:

– курчап турган дүйнөнүн адамдын образы жөнүндөгү түшүнүктөрүн калыптандыруу;
– окуунун каражаттары аркылуу атуулдук, адептик жана эстетикалык сезимдерин, улуттук мурастарды баалоого тарбиялоо:
– окурмандык ишмердүүлүктүн билгичтигин калыптандыруу:
– окуучунун кабыл алуусун, элестетүүсүн, угуусун, сынчыл ойлоосун жана чыгармачылык активдүулүгүн өнүктүрүү;
– окуучунун китеп окууга кызыгуусун, китеп окуу чөйрөсүн кеңейтүү, кызыгуусун өнүктүрүү:
– адабий тилдин өлчөмдөрүнө ылайык туура, сезимдүү, көркөм, жарыя жана купуя окууга үйрөтүү;

– окуучулардын көркөм чыгарманы окуу көндүмдөрүн калыптандыруу;

Адабий окууга үйрөтүүнүн максаты жана милдеттери предметтин негизги мазмунунун багыттарын аныктайт. Алар төмөнкүлөр:

– атуулдук жана адептик маданияттын базалык нормаларына ээ болуу;
– окуу көндүмдөрүнө ээ болуу;
– көркөм окуу көндүмүнө ээ болуу;
– окурмандык ыктарына ээ болуу;
– кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окуп-үйрөнүү аркылуу көркөм сөз каржаттарын айырмалоого ээ болуу;
– балдар китептери менен иштөөгө ээ болуу;

Билим берүүнүн мазмунунун конструкциялоонун дидактикалык негиздери, принциптери жана критерийлери

– адабий окууда окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн уюштурууда окуу материалдарын тандоодо анын мазмунун жана системасын, метод жана ыктарына төмөнкү принциптер ишке ашырылат: жанрдык, тематикалык, маданият таануу, көркөм-эстетикалык, адабийлүүлүк, кеп өстүрүү, кенже мектеп жашындагы балдардын көркөм чыгарманы кабыл алуусун көзөмөлгө алуу, практикалык багыт алуу, чыгармачылык менен окуу, ырааттуулук жана перспективдүү.

– тематикалык бөлүштүрүү окуу китебинин негизги принциби. Себеби, окуу китебиндеги чыгармалар негизинен тематикалык жактан топтолот;

– жанрдык принцип окуу китебиндеги чыгармаларды бир жерге топтоп салууга болбой тургандыгын көзөмөлдөөчү принцип катарында окулуп, анда бир жанрдагы чыгармалардын бөлүмдөргө жайгаштырылышын көзөмөлдөйт;

– маданият таануу принциби адабий билим берүүнүн маданий, адептик билим берүү багытын аныктайт

– көркөм-эстетикалык принцип окууга сунуш кылынган адабий чыгарманын стратегиясын тандоону аныктайт. Окуу үчүн берилген материалдар көркөмдүк баалуулук жагынан жогорку деңгээлдеги чыгармалардан турат. Адабий окууга үйрөтүүнүн методикасында бул принцип көркөм тексттин жана оозеки көркөм искусствонун чыгармаларынан турат.

– адабийлүүлүк принциби башталгыч билим берүүдөгү адабий чыгармачылыктын спецификалык өзгөчөлүгүн, т.а. фольклор, классика, заманбап жана дүйнөлүк балдар адабияты, мындан сырткары адабияттын негизги жанры болгон жомок, тамсил, аңгеме, повесть, ыр, чакан фольклордук жанрлар менен танышуу колго алынат.

– кеп өстүрүү принциби окуучунун кептин билгичтик көндүмдөрүнүн өнүгүүсүн, угууга жана айтууга калыптануусуна багытталат, ошону менен бирге окуучунун сөз байлыгы, ойлоосу, адабий тилдин нормасы окуучунун кеп маданияты өнүгөт жана калыптанат.

– кенже мектеп жашындагы балдардын көркөм чыгарманы кабыл алуусун көзөмөлгө алуу принциби кичинекей окурмандын китеп окуусун аныктайт, окуучунун адабий окуудагы билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн талаптарынын деңгээлин, ошондой эле кенже мектеп жашындагы балдардын адабий көз караштарын, көркөм чыгарманы талдоо мамилесин, адабий окуу сабагынын структурасын аныктайт;

– практикалык багыт алуу принциби окуучунун окурмандык, кептик жана коммуникативдик маданиятын калыптандырууну камсыз кылат. Ошондой эле бул принцип башталгыч мектепте көркөм чыгарма менен иштөөнүн өзгөчөлүгүн аныктайт. Бул принцип мугалимге адабияттын теориясын формалдуу өткөрбөөгө, тескерисинче, кичинекей окурмандардын чыгармачылык тапшырмаларын чечүүгө, практикалык жумуштарын камсыз кылат. Окуучулар адабияттын түшүнүгүн аныктоочу байкоо методу менен практикалык, теориялык түрдө таанышуу менен чыгарманын жанры жомок, аңгеме,

тамсил, ыр табышмак, бат айтмалар ж.б. менен иштешет. Окуучулар жазуучу, тема, башкы ой, киришүү, метафора, салыштыруу, эпитет, элестетүү, үн жазуу, жомок, аңгеме, ыр ж.б. лардын практикалык мазмунун түшүнүшөт.Көркөм чыгармалардын текстти инсанга багыттап окутууну колго алат, ал практикада ишке ашат;

– чыгармачылык менен окутуу принциби окуучунун чыгармага өз алдынча ой жүгүртүүсү, чыгарманын тарбиялык мүнөзүнө баа берүүсү, окуган текстти жөнүндө ой жүгүртө билүүсү, окуучунун адабий чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн өз алдынчалуулугу, адабий окуудагы окутуунун формаларына жана методдоруна чыгармачылык менен мамиле жасоону, тексттин мазмуну инсандыкка багыттап окутууга багытталат;

– ырааттуулук жана перспективдүүлук принциби адабий билим берүүнүн мазмунун мектепке чейинки жана ортоңку звенодогу үзгүлтүксүз билим берүүну камсыз кылуудагы педагогикалык системанын компоненттерин камсыз кылат (окутуунун максаты, милдети, формасы жана методдору).

**Окуу-методикалык камсыздоонун мазмуну жана структурасы**

Адабий билим берүүнүн баштапкы структурасын класстык жана класстан тышкаркы окуу түзөт. Класстан тышкаркы окуу “Адабий окуу” предметинин кошумча бөлүгү болуп саналат. Класстан тышкаркы окуунун максаты–окуучунун окурмандык кругозорун кеңейтүү, өз алдынча окурмандыгын калыптандыруу, китеп, газета, журнал окуу талаптарына үйрөтүү, активдүү окурмандарды тарбиялоо. Окуучулар класстан тышкаркы окуу сабагында китептин сырты, переплету, титулдук барагы, сөз башы, китептин аягындагы корутунду сөз, аннотация, иллюстрация, каталог жөнүндө алгачкы түшүнүк, окуу китебиндеги шарттуу белгилер, жыйнактар жөнүндө маалымат алышат (балдар газеталары, журналдары).

“Адабий окуу” предметинин окуп-үйрөнүү обьектине көркөм чыгарма кызмат кылат, буга кошумча иретинде орус жана дүйнөлүк адабияттын үлгүлөрү кызмат кылат. Көркөм чыгармалар менен кошумча илимий-көркөм, жана илимий-таануу маанидеги чыгармалар окулат.

Кенже мектеп жашындагы окуучулар адабияттык мүнөздөгү чыгармалар аркылуу элементардык маалыматтарды алышат, булар окуучунун чыгармачылык маселелеринде, окурмандык көндүмдөрүн калыптандыруу каражаттарында каралат. Кичинекей окурмандар кептик жана окурмандык көндүмдөргө ээ болушат.

Көркөм чыгармаларды тандоодо анын жалпы критерийлери окуп-үйрөнүүгө кызмат кылат:

- чыгарманын мазмунунун кенже мектеп жашындагы балдардын курактык өзгөчөлүктөрүнө туура келиши;
- чыгарманын идеялык-көркөмдүүлүгүнүн жетишкендигинин жогорулугу;
- окуучулар үчүн анын окутуп-тарбиялоодогу маанилүүлүгү;
- кенже мектеп жашындагы балдар үчүн жеткиликтүүлүгү;
- чыгарманын окуучулардын кызыгуусун арттырууга түрткү бере алышы;
- чыгарманын улуттук өзгөчөлүгүнүн эске алынышы;

Адабий окуу сабагында окуучунун ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрү төмөнкүлөр болуп эсептелет: жарыя жана купуя, шар жана көркөм, тандоо жана өз алдынча окуу, сынчыл окуу, башкарып окуу, белгилеп окуу, ырлардан жана аңгемелерден үзүндүлөрдү жатка айтуу, чыгармаларды угуу жана айтып берүү, текстти аналитикалык талдоо жана баалоо иштери, окуучунун оозеки жана жазуу кебинин үстүндө иштөө.

“Адабий окуу”окуу предметинин максатынын көрсөткүчтөрү төмөнкүлөр:

– окуучулардын курактык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн эске алынышы;
– текстти кабыл алуудагы мыйзам ченемдүүлүктөрдүн сакталышы;
– материалдын тилинин окуучулар үчүн жетикиликтүүлүгү;

– окуу материалынын улуттук духту тарбиялоого жана жалпы адамзаттык баалулуктарды кабыл алууга багытталгандыгы;

– көркөм чыгармаларды жанры боюнча айырмалоо деңгээли;

– атуулдук жана адептик маданияттын базалык нормаларынын калыптануу деңгээли:

– окуучулардын балдар адабияты дүйнөсүндөгү көп окугандыгын калыптандыруу (чыгарма менен таанышуу, окуу программасындагы класстан жана класстан тышкаркы окууга сунуш кылынган материалдар);

– китеп окуу көндүмдөрүнүн деңгээли (китеп окуу ыкмасы, китеп окуу темпи, окуунун тууралыгы);

– китеп окуунун техникасын өздөштүрүү деңгээли;

– сынчыл, башкарып, белгилеп окууну өздөштүрүү деңгээли;

– көркөм окуу ыкмасын өнүктүрүү деңгээли;

– окурмандык үйрөнүү деңгээли (эпикалык чыгармага план түзүү; чыгарманын каарманынын көз карашын түшүндүрүү жана аларга баа берүү; чыгарманын негизги оюн жана темасын аныктоо; тексттин образдуу сөздөрүн жана түшүнүктөрүн көрсөтүү, алардын маанисин түшүндүрүү, окугандары боюнча жеке көз карашын айтып берүү; чыгарманы айтып берүү ж.б.);

– окууда орфоэпиялык көндүмдөрдү – туура айтууну билүү деңгээли;

– сөз өнөрүн, төкмөлүктү, чечендикти өздөштүрүү деңгээли;

– окуучулардын ишмердүүлүктөрүн калыптандырууга багытталгандык;

– окуучу менен мугалимдин, автор менен окурмандын кызматташтыгына таянуу;

Окуу материалын окуп-үйрөнүүгө карата анын вариативдүү принциптери сунуш кылынат: жанрдык жана автордук, эмоционалдык-эстетикалык, системалуулук, жеткиликтүүлүк, стилдик (көркөм тексттердин бөлүмү, илимий макалалар, иштиктүү); адабият (классикалык, заманбап, чет элдик). Ал эми окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүнө да вариативдүү жол менен сунуш кылууга болот: пландаштыруу, аткаруу, көзөмөлдөө, баалоо. Буларды ишке ашырууну пландаштыруу, текстке чейинки ишмердүүлүк, текстти окуп бара жаткандагы ишмердүүлүк, текстти окугандан кийинки ишмердүүлүк, чыгарма жаратуу ишмердүүлүгү аркылуу ишке ашырылат.

"Адабий окуу" предметинин максат жана милдеттерин башталгыч билим берүүдө мазмунун окуп-үйрөнүү үчүн окуу-методикалык комплексти иштеп чыгуу талап кылынат, ал төмөнкү курамдардан турат:

– окуу предметтин концепциясы;

– мамлекеттик стандарт;

– окуу программа;

– окуу китеби ("Адабий окуу");

–окуучунун колдонмо дептери: мында окуучунун окурмандык көндүмдөрүн калыптандыруучу адабий тексттерди аткарууга карата өз алдынча практикалык иштер (сызуу, жазуулар, боео, сүрөт тартуу, эссе, чыгарма жазуу ж.б.);

– мугалим үчүн окуу-методикалык көрсөтмө;

– окуу-көрсөтмө куралы;

– окуу хрестоматиясы;

–окуучулардын окурмандык көндүмдөрүн текшерүүгө арналган диагностикалык материалдар (тесттердин жыйнагы).

***Адабияттар***

1. *Амонашвили Ш.А.* Личностно-гуманная основа педагогического процесса.-Минск. -1990.-С.-64-294

2. *Бекбоев И.Б.* Инсанга багыттап окутуунун теориялык жана практикалык негиздери.-Бишкек.- 2004.
3. *Бекбоев И.Б.* Педагогикалык процесс: эски көнүмүштөр жана жаңычыл көз караштар.-Бишкек.- 2005
4. Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты.-Бишкек.-2006.-7-15 бб
5. *Львов М.Р., Рамзаева Т.Г., Светловская Н.Н.* Методика обучения русскому языку в начальных классах. -Москва.- 1987.-С.-93-154
6. *Оморокова М.И.* Совершенствование чтения младших школьников.-Москва.-1998
7. *Рысбаев С.К.* Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы.-Бишкек.-2006.-353 б
8. *Сакиева С.С.* Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери. -Бишкек, Инсанат. -2010.